**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**
АРАВАН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
АРАВАНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

# ПРОТОКОЛУ № 6

Араван айылы 19-февраль 2021-жыл

Араван аймактык шайлоо комиссиясынын отурумуна:
АШКнын төрагасы: Алибекова Ф.
АШКнын катчысы: Халилова А.

АШКнын мүчөлөрү: Юнусалиев Х, Сайибжанов Т., Ташходжаев Р., Арапова К., Ганиев Ф., Аскарбай кызы Г, Амракулов Ж, Кадиров С, Жеенбаева А., Гапиржанова М.

КРнын БШКсынын кординатору Кадиров Р.Ш., Араван АШКдагы сист.администратору Шамшидинов Р.А.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 8-февралындагы № 34 токтомуна ылайык айылдык кенештерге депутаттарды шайлоого даярдык коруу, жумушчу топторду түзүү жөнүндө.
2. Айылдык кенештерге депутаттарды шайлоого даярдыктарды көрүү боюнча Араван АШКнын мүчөлөрүнө милдеттерди болуштуруу жана ноомотко туруу графиги менен тааныштыруу жонундо.

Күн тартибиндеги маселе боюнча Араван АШКнын торагасы Ф.Алибекова сөзгө чыгып, БШКнын 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтуу кенештерине депутаттарды шайлоону өткөрүү боюнча токтому жана календардык планы менен тааныштырды. Шайлоону мыйзам чегинде, даярдыктарды көрүү менен өткөрөлү деп билдирди.

Ошондой эле шайлоого карата шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги уюштуруу, практикалык иш-чаралардын календардык планы жөнүндө маалымат берүү менен аткарылуучу иш-чаралар менен тааныштырды.

Аймактык шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөлөрүнө милдеттерди болуштуруу боюнча да өзүнүн сунушун айтты жана АШКнын мүчөлөрүнө бул боюнча сунуш-пикирлерин сурады.

Сөзгө чыккан АШКнын мүчөсү Юнусалиев Х. – Туура, шайлоого даярдыктар башталды. Талапкерлердин документтерин кабыл алуу да башталды. Бардыгын мыйзам чегинде, туура жана так аткаруубуз зарыл.

Жарыш сөзгө чыккан Амракулов Ж. – Мындан ары бардыгыбыз келип, жаныльктарды билип өзүбүздү билип жумушубузду аткаралы. Бул шайлоо өзүнүздөр билесиздер тартипти, жакшы көңүл болууну талап кылат.

Бул сунуштарды АШК мучолору Арапова К., Гапиржанова М., Ганиев Флар дагы колдоп, кубатташты.

АШКнын торагасы Ф.Алибекова – Шайлоону мыйзам чегинде, тынч откоруу максатында жумушчу топторду тузушубуз керек. Ошого сиздер кимдерди сунуш кыласыздар?

Аскарбай кызы Г. – Мен, депутаттыкка талапкерлерден документтерди кабыл алуу жана текшеруучу топко: Амракулов Ж. төрага, Халилова А. катчы, Ташходжаев Р. Мүчөлүгүнө сунуштаймын.

Арыз жана даттанууларды кароочу жумушчу топко: Юнусалиев Х. төрага, мучолоруно Кадыров С., Гапиржанова М.ларды сунуштаймын.

Шайлоо алдындагы угут иштерин жүргүзүүнү көзөмөлдөөчү топко: Алибекова Ф., - торага, мучолоруно Амракулов Ж, Жеенбаева А, Сайибжанов Т.ларды сунуштаймын.

Бул сунуштарга бардык АШК мучолору макул болушту.

Кун тартибиндеги экинчи маселе боюнча АШКнын төрагасы Ф.Алибекова – АШК мүчөлөрүнө милдеттерди бөлүштүрүү боюнча кимде кандай сунуш пикирлер бар?

Созго чыккан Арапова К. – Мурдагыдай эле, Керме-Тоо а/өкмөтүнө Аскарбай кызы Г., Мангыт а/өкмөтүнө Арапова К., А.Анаров а/өкмөтүнө Гапиржанова М., С.Юсупова а/окмотуно Сайибжанов Т, Чек-Абад а/өкмөтүнө Амракулов Ж., Тоо-Моюн а/өкмөтүнө Кадыров С., Нурабад а/өкмөтүнө Юнусалиев Х. жана Тепе-Коргон а/өкмөтүнө Ганиев Ф., Жеенбаева Алар бекитилсе жакшы болот. Себеби бардыгы мурдатан алар менен иштешип келишет. Оңой болот.

Сөзгө чыккан А.Халилова – Арапова К.нын сунушуна кошулуп, нөөмөтчылык графиги түзүлүп коюлду. Бардыгыныздар нооматчы болгон күнүнүздөр АШКда болунуздар.

Бул сунуштарга Ж.Амракулов, Сайибжанов Т., Кадыров Слар колдошту.

Бул сунуштарга бардык АШК мучолору макул болушту.

Жогорудагылардын негизинде аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

ЧЕЧИМ КЫЛАТ :

1. Айылдык Кенештерге депутаттарды шайлоону календардык пландын негизинде откоруу белгиленсин.

2. Араван АШКнын алдындагы жумушчу топтор № 1 тиркемеге ылайык тузулсун жана аларга милдеттерди аткаруу тапшырылсын. (тиркеме тиркелет).

3. Араван АШКнын мучолоруно шайлоого даярдыктарды коруу жана откоруу боюнча тапшырылган милдеттерди № 2 тиркемеге ылайык өз убагында аткаруу милдеттендирилсин. (тиркеме тиркелет)

**Араван аймактык шайлоо комиссиясынын торагасы:** **Алибекова Ф.**

**Катчысы:** **Халилова А**